КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК
ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

03 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 1 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9- сессиясынын катчысы жөнүндө».**

Чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9-сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Депутат ***Сыдыков Кенжебек Бакасович*** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9- сессиясынын катчысы болуп шайлансын.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ |
|---|---|---|

03 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 2 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга түзүлүшү жана 2026-2027-жылдарга болжолу тууралуу»**

Шаардык мэриянын 02.04.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга түзүлүшү жана 2026-2027-жылдарга болжолу тууралуу» №01-21/1017 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы “Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиянын **төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 02.04.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылга түзүлүшү жана 2026-2027-жылдарга болжолу тууралуу» №01-21/1017 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы “Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиянын **төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаарынын 2025-жылга жергиликтүү бюджети к**ирешелер боюнча 136805,0 мин сом** суммасында жана **чыгашалар боюнча 136805,0 мин сом** суммасында (**14880,0 мин** сом суммасында **атайын каражаттарды** кошкондо) бекитилсин.
3. Таш-Көмүр шаарынын 2026-2027-жылдарга жергиликтүү бюджетинин негизги көрсөткүчтөрүнүн болжолу жактырылсын:
   - 2026-жылга **киреше боюнча болжолу 148907,3 мин** сом суммасында жана 2027-жылга **киреше боюнча болжолу 164158,7 мин** сом суммасында.
   - Таш-Көмүр шаарынын 2026-2027-жылдарга жактырылган жергиликтүү бюджетинин болжолдуу көрсөткүчтөрү ар бир дайындуу мезгилде аларды кабыл алганда такталууга жатат.
4. Таш-Көмүр шаарынын **2025-жылга** жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү жана **2026-2027-жылдарга** болжолу **№ 1** тиркемеге ылайык булактар боюнча түшүүлөр эсебинен түзүлсүн.

5. Таш-Көмүр шаарынын 2025-жылга жергиликтүү бюджетинен чыгашаны каржылоого каражат жана 2026-2027-жылдарга болжолу **№2** жана **2.1, 2.2** тиркемелерге ылайык белгиленсин.
6. Чыгашаларды каржылоо биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр, тамак аш), ошондой эле коммуналдык чыгымдарды каржылоо боюнча жүргүзүлсүн.
7. Ушул токтомго ылайык өздүк чыгашалардын корголгон беренелерин каржылоону камсыз кылуу үчүн жоопкерчилик бюджеттик мекеме уюмдардын жетекчилерине жүктөлсүн.
8. Бюджеттик мекемелерге атайын каражаттарды казыналык системаны аттап өтүп пайдалануусуна тыюу салынсын. Көрсөтүлгөн тартип бузулган учурда атайын **каражаттардын 100 пайызы** жергиликтүү бюджеттин кирешесине алынсын.
9. Таш-Көмүр жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (Мэрия) укуктуу:
    - 9.1. Эгерде бул жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн азайтууга алып келбесе, ушул Токтомдун 2-пунктунда бекитилген суммалардын чегинде ушул токтомдун тиркемесине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
    - 9.2. Тиешелүү органдар кабыл алган ченемдик актылардан келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын Республикалык бюджети менен жергиликтүү бюджеттин өз ара эсептешүүлөрүнө тактоолор киргизилгенде жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын каржылоодо түзүмдүк өзгөртүүлөрдү киргизүүгө;
    - 9.3. Жергиликтүү кирешелердин болжолдонгондон ашыкча түшүүлөрдүн эсебинен жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүн көбөйтүүнү карап чыгууга;

10. Шаардын жергиликтүү бюджетин камсыз кылуу кызыкчылыгын коргоо максатында биринчи кезекте салык жана салык эмес төлөмдөрдү белгиленген пландарынын ар бир түрү боюнча аткарууну камсыз кылуу жагы мамлекеттик салык кызматынын шаардык башкармалыгына милдеттендирилсин.
11. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык, шаардын жергиликтүү бюджетинен **1604,0 (бир миллион алты жүз төрт мин) сом** өлчөмүндө акча каражаты шаардык мэриянын резервдик фонду болуп бөлүштүрүлүп бекитилсин.
12. Шаардын жергиликтүү бюджети боюнча жүгүртүүчү кассалык накталай акчасы 2025-жылдын 1-январына карата **100, 0 мин сом** өлчөмүндө бекитилсин.
13. **«Кыргыз Республикасынын жарандык коргонуу жөнүндөгү»** мыйзамынын 10-беренесине ылайык, материалдык-техникалык, азык-түлүк, медициналык, жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарынын запастарын түзүү жана даярдыктарды кармоо үчүн **300,0 (үч жүз) мин** сом өлчөмүндө каражат шаардык муниципалдык менчик департаментинин түрдүү чыгымдар статьясында кол тийгиз каражат катары бекитилсин. Бекитилген каражат өзгөчө кырдаал түзүлгөн мезгилде шаардын мэри тарабынан атайын буйрук чыгарылып чыгымдоого уруксат берилсин.

14. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 токтомунун 4-пунктун жетекчиликке алып, шаардык шаардык мэриянын башкы эсепчисине **7000 (жети мин) сом** өлчөмүндө жана шаардык депутаттар Кенешинин архивариусуна **7000 (жети мин) сом** өлчөмүндө ай сайын кошуп берүү жагы белгиленсин.
15. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 токтомунун 4-пунктун жетекчиликке алып, шаардык Муниципалдык менчик департаментинде эмгектенген аппарат кызматкерлерине **7000 (жети мин) сом** өлчөмүндө, башкы эсепчисине **5000 (беш мин) сом** өлчөмүндө, материалдык эсепчисине **5000 (беш мин) сом** өлчөмүндө, экономистке **5000 (беш мин) сом** өлчөмүндө, тейлөөчү кенже персоналдарга **6000 (алты мин)** сом өлчөмүндө, кызматтык автоунаанын айдоочусуна **2000 (эки мин)** сом өлчөмүндө жана айдоочуларга **4000 (эки мин)** сом өлчөмүндө ай сайын кошуп берүү жагы белгиленсин.
16. 2025-жылга каралган жергиликтүү бюджеттин эсебинен төмөндөгү мекемелерге каражат бөлүштүрүлсүн:
    - **16.1.** Шаардык Муниципалдык менчик департаментине бөлүнгөн акча каражаттардын кайсыл максаттарга жумшалышы жөнүндө **титулдук баракча № 3** тиркемеге ылайык бекитилсин;
    - **16.2.** **“Таш-Көмүр-Шахтер” футболдук клуб”** муниципалдык мекемесине бөлүнгөн акча каражаттардын кайсыл максаттарга жумшалышы жөнүндө **титулдук баракча № 4** тиркемеге ылайык бекитилсин
    - **16.3.** Шаардык билим берүү бөлүмүнө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 302 Токтомунун 4-пунктуна ылайык мектепке чейинки билим берүү уюмдарын эсептик тейлөө үчүн борборлоштурулган бухгалтерияга **1 (бир)** штаттык кызмат киргизилип, эмгек акы жана соц.фондго чегерүүлөрү үчүн – **354,5 мин сом акча каражаты** шаардык билим берүү бөлүмү аркылуу бөлүнүп берилсин.
    - **16.4.** “Таш-Көмүр Тазалык” чарбалык эсептеги муниципалдык ишканасына жергиликтүү бюджеттен – **10868,0 мин сом** акча каражаты **субсидия** бөлүнүп берилсин.
    - **16.5.** “Суу Чарба” чарбалык эсептеги ишканасына жергиликтүү бюджеттен– **3000,1 мин сом** акча каражаты **субсидия** бөлүнүп берилсин.

17. Бул токтом 2025-жылдын 1-январынан колдонууга киргизилсин.
18. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинин 4-пунктуна ылайык, бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси – учурдагы бюджеттик жылдын **1-июнуна чейин**, экинчиси – **1-ноябрына чейин.**
19. Бул токтом менен бекитилген жергиликтүү бюджетти аткаруу, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруучу органы шаардык мэрияга, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Таш-Көмүр шаардык башкармалыгына жана шаардык салык башкармалыгына жүктөлсүн.

20. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
21. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
22. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин **«Экономика жана бюджет» боюнча туруктуу комиссиясына (Ч.Урматаалиев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

03 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 3 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 02.04.2025-жылдагы «2025-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттен калган калдыктын эсебинен акча каражаттарын бөлүп берүү тууралуу» №01-21/1014 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 02.04.2025-жылдагы «2025-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттен калган калдыктын эсебинен акча каражаттарын бөлүп берүү тууралуу» №01-21/1014 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет”** боюнча туруктуу комиссиясынын **төрагасы Ч.Урматаалиевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 02.04.2025-жылдагы «2025-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджеттен калган калдыктын эсебинен акча каражаттарын бөлүп берүү тууралуу» №01-21/1014 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет”** боюнча туруктуу комиссиясынын **төрагасы Ч.Урматаалиевдин** маалыматы эске алынсын.
2. 2025-жылдын 1-январына бюджеттик каражаттан **калган калдык 4130,0 (төрт миллион бир жүз отуз мин) сом 00 тыйын** түзгөндүгү белгиленсин жана тиркеменин негизинде бөлүштүрүлүп берилсин.
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жоопту катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин **«Экономика жана бюджет» боюнча туруктуу комиссиясына (Ч.Урматаалиев )** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

«Бекитилди»
Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин
I чакырылышынын 03.04.2025-жылдагы кезексиз
9-сессиясынын №3 токтомуна
тиркеме

## Таш-Көмүр шаарынын жергиликтүү бюджетинен 2025-жылдын 1-январына карата калган калдыктын эсебинен акча каражаттарын мекеме -ишканаларга бөлүштүрүлүүсү

| № | Аткарылуучу иш-чаралардын мазмуну | 2025-жылдын 1-январына калган калдык эсебинен (сом) | Классиф-я | Мекеме-ишкана аталышы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аймактык башкармалыктардын кызматкерлеринин 13-эмгек акысы үчүн | 234,5 | 2111 | ММД |
| 2 | Соц.фондго чегерүү үчүн | 40,5 | 2121 | ММД |
| 3 | Архив үчүн | 60,0 | 2215 | ММД |
| 4 | Кочкор-Ата токой чарбасына көчөттөргө болгон карыз үчүн | 71,6 | 2222 | ММД |
| 5 | Аксы токой чарбасына көчөттөргө болгон карыз үчүн | 199,6 | 2222 | ММД |
| 6 | Сууга болгон кредитордук карыз үчүн | 151,5 | 2231 | ММД |
| 7 | ОсОО “Кух-и-лал” опорный пункт | 318,8 | 3111 | ММД |
| 8 | №5 орто мектебинин ажаатканасына | 995,5 | 3111 | ММД |
| 9 | ОсОО “Ай.Эл.Фа” маданият үйүнүн сахнасынын пардасын тиктирүү үчүн | 278,0 | 3112 | шаардык маданият департаменти |
| 10 | ОсОО “Реал Констракшн” эскилиги жеткен мамычаларды алмаштыруу үчүн | 219,8 | 3112 | ММД |
| 11 | Жылуулука болгон кредитордук карыз үчүн | 1560,2 | 2231 | ШБББ |
| | **БААРДЫГЫ:** | **4130,0** | | |

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

03 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 4 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 24.03.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын башкы планына өзгөртүү толуктоо киргизүүгө макулдук берүү тууралуу» №01-21/814 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 24.03.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын башкы планына өзгөртүү толуктоо киргизүүгө макулдук берүү тууралуу» №01-21/814 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү Т.Барпыбаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 24.03.2025-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын башкы планына өзгөртүү толуктоо киргизүүгө макулдук берүү тууралуу» №01-21/814 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү Т.Барпыбаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. 2024-жылы жалпы республика боюнча жүргүзүлгөн административдик аймактык реформанын алкагында Таш-Көмүр шаарынын административдик аймагы өзгөргөндүгүнө байланыштуу, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин XXX чакырылышынын кезектеги 4-сессиясынын №2-токтому менен бекитилген, Таш-Көмүр шаарынын 2035-жылга чейинки башкы планынын жалпы **4723,0 га а**янтын **6841,99 га** кылып өзгөртүү киргизүүгө макулдук берилсин.
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин **«Мыйзамдуулук» боюнча туруктуу комиссиясына (З.Карабалаев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С. Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

03 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 5 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин 01.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин 2025-жылга бекитилген иш-планына өзгөртүү толуктоо киргизүү тууралуу” сунушу жөнүндө”.**

Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин 01.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин 2025-жылга бекитилген иш-планына өзгөртүү толуктоо киргизүү тууралуу” сунушу жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү Т.Барпыбаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 9- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Таш-Көмүр шаардык Кенешинин депутаты Ч.Урматаалиевдин 01.04.2025-жылдагы “Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин 2025-жылга бекитилген иш-планына өзгөртүү толуктоо киргизүү тууралуу” сунушу жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү Т.Барпыбаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 7-сессиясынын №3 токтому менен бекитилген, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин 2025-жылга иш-планынын III кварталындагы 2,3 пунктарындагы **“отчет”** деген сөз **“маалымат”** деген сөз менен алмаштырылсын.
3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жоопту катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин **«Мыйзамдуулук» боюнча туруктуу комиссиясына (З.Карабалаев )** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

03 - апрель 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IX сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 6 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Таш-Көмүр шаарынын аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунуштоо жөнүндө».**

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Таш-Көмүр шаарынын аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунуштоо тууралуу шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү Т.Барпыбаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин I чакырылышынын кезексиз 9 –сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Таш-Көмүр шаарынын аймагында участкалык шайлоо комиссияларынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдорун бекитүү жана Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунуштоо тууралуу шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясынын **мүчөсү Т.Барпыбаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча:

- №2257 «Түндүк» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №1-тиркемеге ылайык;
- №2258 «Баетов» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №2-тиркемеге ылайык;
- №2259 «Тынчтык» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №3-тиркемеге ылайык;
- №2260 «Мендигулов» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №4-тиркемеге ылайык;

- №2261 «Чыныбаев» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №5-тиркемеге ылайык;
- №2262 «Кызыл-Алма» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №6-тиркемеге ылайык;
- №2352 «Кызыл-Жар» участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү боюнча шайлоочулардын жыйындарынын протоколдору №7-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. №1,2,3,4,5,6,7 тиркемеде бекитилген участкалык шайлоо комиссияларынын резерви Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына сунушталсын.
4. Таш-Көмүр шаарынын аймагындагы участкалык шайлоо комиссияларынын резервине кирген талапкерлер жөнүндө бардык маалыматтар Таш-Көмүр аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.
5. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
6. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин **«Мыйзамдуулук» боюнча туруктуу комиссиясына (З.Карабалаев )** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**